КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезексиз VI-сессиясы**

**Токтом №85**

**01.04.2025-жыл** **Чон-Сары-Ой айылы**

**Жер тилкесин трансформациялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинентинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агентигинин Шаар куруу жана архитектура департаментинин Ысык-Көл районунун Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын 31-мартындагы №01-5/456 катынын, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин 2025-жылдын 28-мартындагы №04-1-3/3404 катынын, Ысык-Көл район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 2025-жылдын 31-мартындагы №01-4-151 катынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агентигинин "Кыргызмамжердолбоорлор" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Республикалык топурак-агрохимиялык станциясынын филиалынын 2025-жылдын 28-мартындагы№01-3/481катынын, Ысык-Көл райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн 2025-жылдын №03-16/172 катынын, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын 2025-жылдын 31-мартындагы №01-6/134 корутундусунун, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, Экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы мекемесинин 2025-жылдын 31-марнтындагы №35-4/2020 корутундусунун, Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы жер комиссиясынын 2025-жылдын 31-мартындагы жерди которуу корутундусунун ошондой эле Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрация Башчысы-акимдин биринчи орун басары Н.Эсенгелди

уулунун туризм объекттерин куруу максатында “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын транспорттун, байланыштын, коргонуунун, энергетиканын жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга тиешелүү чечим кабыл алып берүү жөнүндө кайрылуусун карап, талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кешеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагына караштуу Өрнөк айылынын батыш тарабындагы “Эделвейс” эс алуу жайындагы №2-03-03-0003-0995 бирдейлештирилген коддогу аянты 0,47 га жер тилкесин туризм объекттерин куруу максатында “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын транспорттун, байланыштын, коргонуунун, энергетиканын жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Шайыбек ата айыл аймагына караштуу Өрнөк айылынын батыш тарабындагы “Эделвейс” эс алуу жайындагы №2-03-03-0003-0995 бирдейлештирилген коддогу аянты 0,47 га жер тилкесин туризм объектилерин куруу максатында “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын транспорттун, байланыштын, коргонуунун, энергетиканын жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу жагы Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын

3.Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана айыл өкмөтүнүн юристи Ж.Жанузаковго милдеттендирилсин.

4.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кенештин “Жер агрардык реформа кайра иштетүү өнөр-жай, курулуш, байланыш, транспорт, отун-энергетика боюнча” туруктуу комиссия курамына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова:*
*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, РМА-1, мин юст баш-2.*